**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOLOGY

**e-ISSN: 1694-8874**
№1(1)/2023, 30-37

**УДК: 82-84**
**DOI:** 10.52754/16948874_2023_1(1)_4

# КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫНДА ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙЛОРДУН БЕРИЛИШИ

ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИДЕИ В КЫРГЫЗСКИХ ПОСЛОВИЦАХ И ПОГОВОРКАХ

PEDAGOGICAL IDEAS IN KYRGYZ PROVERBS

**Дастанбек кызы Камила**
*Дастанбек кызы Камила*
*Dastanbek kyzy Kamila*

**студент, Ош мамлекеттик университети**
*студент, Ошский государственный университет*
*Student, Osh State University*
kamiladastanbayeva@gmail.com

---

**Мурзакметов Абдымиталип Камытович**
*Мурзакметов Абдымиталип Камытович*
*Murzakmetov Abdymitalip Kamytovich*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Historical Sciences, Associate Professor, Osh State University*
suzak65@mail.ru

# КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫНДА ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙЛОРДУН БЕРИЛИШИ

**Аннотация**

Элдик педагогика – элдин жалпы рухий маданиятынын ажырагыс жана ажырагыс бөлүгү. Элдик педагогикада үй-бүлөнүн жана жамааттык тарбиянын, таанып-билүүнүн көп кылымдык тирүү тажрыйбасы өзгөрүлүп, муундан муунга өтүп келет. Этнопедагогика балдарды тарбиялоо жана окутуу боюнча элдик билимдерди, диний окууларда, жомоктордо, эпостордо, накыл кептерде, ырларда, табышмактарда, макал-лакаптарда, оюндарда ж. Алардын жаттоо үчүн жагымдуу формасы бар, бул алардын элдик педагогикадагы маанисин арттырат. Макал-лакаптар элдин жандуу үнү. Адеп-ахлак нормаларын жана эрежелерин жаттоо үчүн макал-лакаптардын формасынын кыскалыгы, кыскалыгы жана кыскалыгы өзгөчө мааниге ээ. Мындан тышкары, макал-лакаптардын, накыл кептердин жана башка маданий мурастардын педагогикалык контексттеги ролун изилдөө ар кандай маданий шарттарда баалуулуктар жана ишенимдер муундан-муунга кандайча өтүп жана бекемделерин талдоодо баалуу булагк болуп саналат. Этнопедагогиканын коомдук баалуулуктарды жана жүрүм-турумду калыптандыруудагы маанисин түшүнүү менен педагогдор жана окумуштуулар ар түрдүү маданий тектер менен иштешип, бул билим байлыгын өздөрүнүн педагогикалык мамилесин байытуу жана маданияттар аралык түшүнүүнү жайылтуу үчүн пайдалана алышат.

***Ачкыч сөздөр:*** элдик педагогика, макал-лакаптар, тарбия, улуттук маданият, педагогика.

## *ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИДЕИ В КЫРГЫЗСКИХ ПОСЛОВИЦАХ И ПОГОВОРКАХ*

**Аннотация**

Этнопедагогика является важнейшим компонентом культурного наследия обществ во всем мире. Эта форма педагогики включает в себя накопленную мудрость и практики, связанные с воспитанием и образованием детей, которые передавались из поколения в поколение. Этнопедагогика включает сбор, организацию и сохранение традиционных знаний и методов, используемых в воспитании детей, которые содержатся в религиозных текстах, фольклоре, повествованиях, песнях, играх и других формах культурного самовыражения. Пословицы и поговорки имеют особое значение в народной педагогике благодаря своей емкости и действенности. Эти краткие выражения в сжатой форме отражают моральные ценности, этические принципы и практические советы, что делает их легко запоминающимися и доступными. Пословицы и поговорки служат динамичным инструментом передачи культурных норм и принципов поведения от одного поколения к другому, воплощая коллективную мудрость и голос народа. Кроме того, изучение роли пословиц, поговорок и других культурных наследий в педагогическом контексте предлагает богатый источник материала для анализа того, как ценности и убеждения передаются и закрепляются в различных культурных условиях. Изучая способы передачи и применения традиционных знаний в практике воспитания детей, исследователи могут получить более глубокое понимание разнообразных образовательных философий и подходов, которые формируют общества во всем мире. Признавая значение этнопедагогики в формировании социальных ценностей и поведения, преподаватели и ученые

## *PEDAGOGICAL IDEAS IN KYRGYZ PROVERBS*

**Abstract**

An ethnopedagogy, is a crucial component of the cultural heritage of societies worldwide. This form of pedagogy encompasses the accumulated wisdom and practices related to child-rearing and education that have been handed down through generations. Ethnopedagogy involves the collection, organization, and preservation of traditional knowledge and methods used in raising children, as found in religious texts, folklore, storytelling, songs, games, and other forms of cultural expression. Proverbs and sayings are particularly significant in popular pedagogy due to their succinct and impactful nature. These brief expressions encapsulate moral values, ethical principles, and practical advice in a concise manner, making them easily memorable and accessible. Proverbs and sayings serve as a dynamic tool for transmitting cultural norms and behavioral guidelines from one generation to the next, embodying the collective wisdom and voice of the people. In academic discourse, the study of popular pedagogy and ethnopedagogy provides valuable insights into the historical, social, and cultural foundations of education within specific communities. By examining the ways in which traditional knowledge is transmitted and applied in child-rearing practices, researchers can gain a deeper understanding of the diverse educational philosophies and approaches that shape societies around the world. Additionally, exploring the role of proverbs, sayings, and other cultural artifacts in pedagogical contexts offers a rich source of material for analyzing how values and beliefs are communicated and reinforced within different cultural settings. Overall, popular pedagogy represents a rich reservoir of cultural heritage and educational practices that continue to influence contemporary understandings of upbringing and learning. By recognizing the significance of ethnopedagogy in shaping societal values and behaviors,

могут использовать разнообразные культурные традиции и использовать это богатство знаний для обогащения своих педагогических подходов и содействия межкультурному взаимопониманию.

educators and scholars can engage with diverse cultural traditions and draw upon this wealth of knowledge to enrich their pedagogical approaches and foster intercultural understanding.

***Ключевые слова:*** народная педагогика, пословицы, воспитание, национальная культура, педагогика.

***Keywords:*** ethnopedagogy, proverbs, education, national culture, pedagogy.

**Киришүү**

Адам баласы жаныбарлар дүйнөсүнөн ажырап, акыл-эске ээ болуп, адам коому жаралгандан тартып, жамааттын негизги милдеттеринин бири болуп өз тукумун уланткан урпактарына тажрыйбасын өткөрүп берүү болуп келген. Табият менен кармашкан катаал шартта бул эң зарыл эле, анткени жашоо үчүн умтулуу, аракеттенүү болмоюнча, аман калуу мүмкүн эмес эле. Мезгилдер өтүп, эми болочок муундарга аңчылык кылуу, ысык-суuktan коргонуу сымал тажрыйбаларды гана бербей, жамаат мүчөлөрү үчүн эмгектенүү, тажрыйбалуу уруу мүчөлөрүн сыйлоо, карыгандарга кам көрүү сыяктуу сапаттарды да бере баштаган. “Адам коомунун тарыхый өсүүсүнүн белгилүү сересинде гана эдин педагогикалык ой толгоолору, тарбия жөнүндөгү эмпирикалык түшүнүктөрү элдик фольклордо, айрыкча санат сөздөрүндө, макал-лакаптарынла, болмуштарында, тамсилдеринде ж.б. чыгармаларында чагылдырылса, элдик маданият пайда болгон учурдан баштап педагогикалык идеялар сөз чеберлеринин көркөм чыгармаларында бериле баштайт. Ал эми өзүнүн түбөлүктүү жазма адабияты жок элдерде педагогикалык көз караштарды өзүндө көркөмдөп чагылдырып, аны муундан муунга жеткирүүчү бирден бир каражат – элдин оозеки чыгармачылыгы” болгон (Апышев ж.б., 2002, б. 5; Максутова ж-а Джеенбаева, 2020). Элдик педагогика менен илимий педагогиканы айкалыштырып, эмгек жазган илипмоздордун катарын Б.Апышев толуктайт. Б. Апышев “жазган окуу китептеринде педагогика курсундагы түрдүү илимий билимдерди элдин турмушу, балдарды курчап турган реалдуу этномаданий мейкиндиктер, баалуулуктар менен байланыштыруу аркылуу болочок мугалимдерди элге, элдик педагогикага жакындатууга аракет жасаган” (Алимбеков, 2022, б. 146). Биз да белгилүү педагог устатыбыз салган чыйыр жол менен өзүбүздүн чакан макалабызда биз да элдик оозеки каражаттардын ичинен эң бир таасирдүүсү, эл оозунда кеңири колдонулгандарынын бири болгон макал-лакаптарга кайрылмакчыбыз.

Кыргыздар ар дайым баланы эң башкы бакыт жана байлык деп санап келишкен. Ошондуктан келиндин боюна бүткөндөн тартып анын талгагынын канышы үчүн зарыл нерсени таап, оор жүк көтөртпөй, чочутпай, жалгыз калтырбай, аман-эсен көз жарып алышы үчүн кам көрүшкөн. Элде *мүчөл* деген түшүнүк бар, ал боюнча адамдын жашы бала бойго бүткөндөн тартып саналат. Алсак, бала он эки жашка чыкканда бир мүчөлү болду деп, карындагысын кошо эсептеп, жашын он үч деп санашкан. Андан ары ар он эки жылда бир мүчөл кошулуп, жыйырма беште эки мүчөл, отуз жетиде үч мүчөл, кырк тогузда төрт, алтымыш бирде беш мүчөл деп кете берет. Муну тилибиздеги:

“Бешиктеги баланын
Бек болорун ким билет.
Карындагы баланын,
Кан болорун ким билет”, - деген макал көрсөтүп турат (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 187). Мындан элибиздин жарык дүйнөгө келип, бой келбети, кандайдыр бир белгиси көрүнүп калган бөбөккө эмес, али төрөлө элек, энесинин боюнда, карында жаткан балага да ишенип, анын келечегине үмүт артып, жакшы ниет кылганын байкайбыз. «Аял акылман, баатыр, чечен, хан төрөшү мүмкүн, андыктан кош бойлууну урушуу ал төрөчү адамды сөккөнгө барабар. Боюнда бар аял – ыйык. Аялы кош бойлуу экенинде күйөөсү салакасы келечекте төрөлчү балага тийбесин үчүн ар кандай арам иштерден алыс болгон, бир эле ал эмес, бүтүндөй үй-бүлө кам көргөн» (Мурзакметов, 2014, б. 23). Бойдогу балага кам көргөн аракетин кыргыздардын оптимисттиги, гумандуулугу катары баалоого болот. Ал эми

төрөлгөндөн кийинки учурга келсек, бала төрөлгөндөн бир аптага жетпей бешикке бөлөнгөн. “Туура, бешиктеги баланын бек болорун билиш кыйын маселе. Бирок ата-бабаларыбыз аруу тилек кылып, бешиктеги наристеден чоң үмүт кылып, кудайым берсе ушул баладан бир нерсе чыгар, “аккан арыктан суу агат эмеспи” деп, чоң үмүт менен бешиктеги баланын бек болорун тилешкен” (Бекботоев, 2010, б. 94). Төрөлгөн баланын баары эле «аккан арыктын» урпагы болбосо да, ар бир бөбөктүн келечегине ишеним артышкан.

Бирок ушундай баланы өтө жакшы көргөндүгүнө, ал үчүн өзүн өлүмгө кыюуга даяр тургандыгына карабастан, ата-энелер балдарынын чоңойгондон кийин өзүнө тың, бышык, чыйрак болушун каалаган, өз тажрыйбасынан мындай балдар турмушта кыйналбай жашарын билишкен. Ошондуктан канча жакшы көргөн менен ашыкча эркелетип, чектен чыгарып жибербеген. Бала алгач кадам шилтеп, тамтуң баса баштагандан тартып, аны өз алдынчалыкка үйрөтө башташкан. Жаңыдан баса баштаган бөбөктүн денесин тең салмакта кармай албай, көп жыгылары белгилүү. Жыгылган бала эти ооруп, ыйлай баштаган учурда кыргыздар: “Тур, ордуңан тур, ыйлаба, жерге түкүрүп кой” деп сооротушат. Бул абал “Бала жетиге чыкканча, жерден таяк жейт” деген макалда берилет (Кыргыз макал-лакаптары, 1982, б. 185). Мындай учурда бала алгач ата-энесин, чоңдорду карап, ыйлап, кимдир бирөөнүн көнүл бурушун, жардам беришин күтөт, бирок эч ким карабай, жакын келбей, сооротпой койгон учурда аргасыздан ыйын токтотуп, ордунан өзү туруууга аргасыз болот. Жерге түкүрүү аркылуу балада денесин ооруткандан (жерден) өч алуу, демек, канааттануу сезими пайда болуп, тез сооронот. Бул шартты аткаруу менен бала өзүнө тийгендин жообун, катылгандын катыгын берүүгө тарбияланган. Албетте, азыркы шартта бул мүнөз көп деле колдоого алынбашы мүмкүн, бирок жоокерчилик доордун өз талаптары болгон, биздин элибиз балдарын ошол заманына ылайык кылып тарбиялоого аракеттенген.

Жогоруда айтылгандарга бир маселени кошумчалай кетсек. Учурда жаш бөбөктөрдү басууга эртерээк үйрөтүү үчүн ата-энелер төрт дөңгөлөккө орнотулган пластик, алюминий сыяктуу жеңил материалдан жасалган атайын алкактарды пайдаланып жүрүшкөндөрү белгилүү, анын орус тилиндеги *ходунок* аталышы кеңири таркаган. Алкактын ичиндеги арчындалган бышык кездемеге минген баланын буту жерге тиер-тийбес абалда болуп, бутунун учу менен таканчыктап, ордунан жыла баштайт, ушинтип басууга үйрөнөт. Бир караганда коопсуз, ыңгайлуу сезилген менен, акыркы жылдары тажрыйбадан уламбы же атайын изилдөөлөр жүргүзүлгөнбү, эл арасында мынтип баскан балдардын жыгылганда көп жаракат алары тууралуу пикирлер айтыла калып жүрөт. Анын себебин өзү басып үйрөнбөгөн бала жыгылганды билбей, тагыраагы, жыгылганда денесин коргоочу көндүмдөр калыптанбагандыктан, туура эмес жыгылып, натыйжада буту-колу сынып, кырсыкка учурары менен түшүндүрүп жүрүшөт. Ходунок менен баскан балдар таманын жерге толук тийгизбей, бутунун учу менен басып каларын да айтышат. Бул пикирлердин аныктыгына шектенбей эле койсок болот. Азырга чейин бешик сатылган жерлерде жергиликтүү усталар тарабынан жасалган бөбөктөрдү басканга үйрөтчү төрт дөңгөлөктүү жыгач шаймандарды учуратып калабыз, аны *араба* деп коюшат. Там-туң баскан бала арабаны түртүп, жыгылып кетпөө үчүн аны кармап, таянып басат. Мындай учурда буттун кадимкисиндей эле жерге толук тийип, толук кандуу басуу көндүмдөрүнө ээ болору белгилүү. Бирок акыйкаттык үчүн кыргыздарга арабанын отурукташкан коңшулаш элдерден, ходуноктун орус маданиятынан кабыл алынганын белгилей кетсек болот.

Тилибизде “Бала ыйламайынча эмчек кайда” деген макал айтылат. Аны чечмелеген изилдөөчүлөр: “Бешиктеги бала ыйлап белги бермейинче, эне үй тиричилигине алаксып, эмизбегендей эле адам баласы да өзүң айтып-деп, мага бул керек, тигил керек демейинче кимдир бирөөдөн керектүү нерсеңди өндүрө албайсың” деп белгилешет (Бекботоев, 2010, б. 95). Ырас, бала ар кандай себептерден улам ыйлашы мүмкүн, бирок эмчектеги баланын ыйы биринчи кезекте анын карды ачышынын белгиси катары каралган. Элдик тажрыйба ыйлаак балдардын ден соолугу бекем болорун байкаган, аны бакырып, өкүрүп ыйлаган учурда өпкө кеңейип, жакшы иштегени менен байланыштырып жүрүшөт. Мүмкүн, аны бала ыйлаган сайын энесинин эмизип тургандыгы, демек, эмчек сүтүн көп эмгендиги менен түшүндүргөн туура болуп жүрбөсүн деген ой туулат. Бул тууралуу өз убагында белгилүү педагог Б. Апышев: “Жарык дүйнөгө келээри менен өз энесинин эки эмчегин тең какшыта ээмп, кара уузга тойгон чүрпөдө бир нече ондогон жугуштуу жана ата-бабадан тукум кууп өтүүчү ооруларга каршы иммунитет пайда болорун академик И. А. Аршавскийдин илимий лабораториясындагы көп жылдык изилдөө аныктаганына жарым кылым болоюн деп калды. Ушунчалык узак мезгилдин ичинде окумуштуунун балдарды төрөлөрү менен эмизүү системасына өтүү жөнүндө сунушу төрөт үйлөрүндө али толук ишке ашпай жатат. Мындай кайдыгерлик өз учурунда “советтик” деп атанган элге гана мүнөздүү болсо керек...” деп өкүнүү менен белгилеген (Апышев ж.б., 2002, б. 104). Ууз сүттүн мындай касиетин билгенден улам кыргыздар жазында ую тууганда ууз аш бышырып, кошуна-колоңду чакырып, бөлүшө ичкен салтты жаратышкан окшойт деген ойго келесиң.

Элде “Тиши чыккан балага, чайнап берген аш болбойт” деп айтылат. Оң мааниде, албетте, тиши чыккан бала өзү катуу тамакты чайнап жейт. Өтмө мааниде алганда, акыл-эси бар адам айтканды билүүсү, сезүүсү, туюусу керек. Кайра-кайра айттырбай жасоосу, бүтүрүп, көңүлдү тындырып коюусу тийиш өңдүү түшүнүк жатат. Деле тиши чыккан бала чайнатпай тамак жеген сымал дээринде барлар ар ишти айттырбай аткаруусу абзел... Сөз төркүнү ушул тарапка такалат (Акматалиев, 2002, бб. 266-267). Элдик этнограф Амантур Акматалиевдин бул чечмелөөсүнө толук кошулсак да, бир жагдайды кошумчалай кетишке туура келет. Баарыбызга белгилүү болгондой, өткөн доорлордо, мезгилдерде кыргыз элинин жашоо тиричилиги бир кыйла оор болгон. Элдин басымдуу көпчүлүгү өлбөстүн күнүн көргөн. Мындай шартта балдарга өзүнчө, бөлүп тамак кылып берүү жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес эле. Андыктан карапайым үй-бүлөлөрдө энелер балдарын эмизип, качан тиши чыгып, эмчектен чыккандан кийин кадимки өздөрү жеген тамак-ашка аралаштырышкан. Ал үчүн алгач апасы же чоң энеси тамакты чайнап, анан аны бөбөктүн оозуна салып көндүрүшкөн. Мезгил өтүп, жашоо шарты жакшырып, илим-билим, элдин гигиена тууралуу маалыматы өскөн маалда сөз болгон макалдын айныксыз чындык экенин моюндоого аргасызбыз. Мындай учурда, биринчиден, балага тамактын чайнап жатканда ширеси сорулуп, даамы кете түшкөн бөлүгү тиет, экинчиден, бөбөктүн ашказаны чайналган тамакты даяр кабыл алып, толук ишке кирбей калат. Үчүнчүдөн, чоңдордун оозундагы түрдүү микробдор тамак менен кошо балага өтүшү турган иш. “Тиши чыккан балага, чайнап берген аш болбостугун” бабаларыбыз илимий түрдө аныктабаса да, ушинтип турмуш тажрыйбасынын негизинде, ички туюму аркылуу сезип, макалга айлантышкан.

Элге кеңири тараган “Бала, баланын иши чала” макалы: “Бардыгыбыз бала болгонбуз, балалык күндөрдү баштан кечиргенбиз. Балалык кез – оюнга тойбогон кез. “Аны жасап кой, муну жасап кой” деген ата-энебиздин тапшырмаларын аткарбай коюп, далай жолу таяк жеп,

тил укканбыз. Эгерде өз убагында кылган күндө да чала жасап, ата-энебизден “баланын иши чала да” деген сөздү көп эле укканбыз” деп чечмеленген (Бекботоев, 2010, б. 92). Баланын иши чала болушунун өз себеби бар, анткени адам – социалдык жандык, анын жашоосу коом менен тыгыз байланышта, ал такай, тынымсыз үйрөнүүнүн, тажрыйба алмашуунун негизинде уланат. Муну билип, мындай катачылыктарды өз башынан өткөрүп, унутпаган ата-эне, улуулар баланын тажрыйбасыздыгын, жаңылыштыгын түшүнүү менен кабыл алып, кечиримдүү мамиле жасашкан. Башкача айтканда, баланын жаңылыштыгы, чала иш кылышы – мыйзам ченемдүү көрүнүш, ал мезгилдин өтүшү, тажрыйбанын артышы менен оңдоло турган мүчүлүштүк. Кемчилик кеткенден кийин урушуп, тилдөө менен аны оңдогонго болбойт, муну табигый көрүнүш катары караган бабаларыбыздын толеранттуулугу өрнөк болгонго арзыйт.

Баланын социалдашуусу тууралуу сөз болгондон кийин учурда дээрлик тилибизде колдонулбай калган “Майкана көрбөй бала оңолбойт” деген макал жөнүндө сөз кыла кетели. Макал “Бүлөнүн, ата-эненин тарбиясында болбой бала оңолуп, адам катарына кире албайт деген мааниде. Ата-Журттун жорук-жосунун, салт-санаасын үйрөнүп, анын тарбиясын көрбөй өссө, ал суук боор болуп, коомго татыктуу адам боло албайт деген мааниде. “Майкадам” деп да айтат. Жогорку керемет макалдагы “майкана” илгери-илгери заманда, кыргыздар чабылып-чачылып Гиссарга чейин барганда, фарсы тилинен кирген, “мейхане” болуп айтылат, “өз үй-бүлө, Ата-Журт” деген маанини билдирип, сөздүн чыныгы мааниси жалгыз гана макалда сакталып калган (Карасаев, 1987, б. 182). Ушул эле макал экинчи бир изилдөөчү тарабынан: “Мында сөз тарбия-таалим тууралуу баратат. Бул аракет үйдөн башталат. Ата-эне ар дайым отуруп-турганында, тамак-аш ичкенде, мал багууда, конуп-көчкөндө, айтор, ж.б. күндөлүк жашоо-тиричиликтеринде элиңдин, жериңдин баба салттарын, эне адептерин, үрп-адаттарын, жол-жоболорун көрүп-билир, өздөштүрүп өсүүсү зарыл. Ансыз бул жашоодо арабөк калат. “Башка өскөндүн боору таш, ташка өскөндүн туягы катуу” - деген макал буга үндөшөт” деп чечмеленет (Акматалиев, 2002, б. 286). Жогоруда сөз болгон макалдардан улам өлкөбүздөгү жумушсуздуктан, түрдүү турмуштук көйгөйлөрдөн улам бакыт издеп башка өлкөлөргө кетип, ишинин, соодасынын жүрүшү үчүн, жашоосунун жеңил болушу үчүн барган жеринин жарандыгын алып, ээрчите кеткен же ошол жерде төрөлгөн балдарын бөтөн тилдүү мектептерде окутуп жаткан эмгек мигранттарыбыздын балдарынын келечегин ойлоп, кабатыр боло түшөсүң. Мындан улам бийлик бутактары, өкмөтүбүз өз Ата Журтунда жашап жаткан жарандарыбыз үчүн гана эмес, чет өлкөлөрдө күн кечирген мекендештерибиз үчүн да кам көрүп, келечегин ойлоого тийиш экендигин белгилей кеткибиз келет.

**Корутунду**

Кыскача жыйынтыктай келсек, жогорку теориялык деңгээлге чейин көтөрүлүп, атайын мектептери болбогон менен, бабаларыбыздын балдарын тарбиялоо боюнча турмуштук тажрыйбага негизделген өз усулдары болгон. Ал тажрыйбалар кыска, нуска мазмунда макал-лакаптарда камтылып, эл оозунда айтылып, жоголбой жашап келишкен. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк илим, анын ичинде педагогика илими да интеграцияланып жаткан чакта ата-бабалар тажрыйбасы болгон элдик педагогика да унутулуп, четте калтырылбай, анын алгылыктуу жактары колдонулуп келүүгө тийиш.

**Адабияттар**

Алимбеков, А. (2022). Б. Апышевдин окуу–методикалык эмгектеринде илимий жана элдик педагогиканын интеграциясы. *Вестник Ошского государственного университета,* (4), 137-146. https://doi.org/10.52754/16947452_2022_4_137. EDN: ZPGPNM.

Акматалиев, А. (2002). *Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат.* Бишкек: Бийиктик.

Апышев, Б., Бабаев, Д., жана Жоробеков, Т. (2002). *Педагогика.* Бишкек.

Карасаев, Х. (1087). *Накыл сөздөр: Тил казынасынан баян. 2-китеп.* Фрунзе: Кыргызстан.

*Кыргыз макал-лакаптары.* (1982). Түз. Шаршеке Усупбеков. Фрунзе: Кыргызстан.

*Кыргыздын кылымдарды карыткан 1001 макал-лакабы.* (2010). Түз. С. Бекботоев. Бишкек: Учкун.

Максутова, Ж.Ж., Джеенбаева, К.А. (2020). Концепты семантической группы “үй-бүлө” (“семья”) в пословицах и поговорках. *Вестник Ошского государственного университета*. Т. 2, № 1-4, сс. 134-138. EDN: WXTVTQ.

Мурзакметов, А. (2014). *Кыргыз ырым-жырымдары.* Ош: “Кагаз ресурстары” басмаканасы.